Силерден бирөөңөр уйкудан турганда мурдун үч жолу кеңилжээрине чейин тазалап жуусун. Анткени шайтан мурундун кеңилжээринде түнөйт

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Силерден бирөөңөр уйкудан турганда мурдун үч жолу кеңилжээрине чейин тазалап жуусун. Анткени шайтан мурундун кеңилжээринде түнөйт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) уйкудан турган адамды мурдун үч жолу жууга үндөйт. Мурунду жуу дегени, сууну мурунга киргизе тартып кайра чимкирүү. Мындай кылуунун себеби, шайтан мурундун кеңилжээринде түнөгөнү үчүн. Бул жалпы мурундун ичи.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/8377